**УДК 379.574**

# АЙМАКТЫН ТУРИСТТИК-РЕКРЕАЦИЯЛЫК ДАРАМЕТИ ТҮШҮНҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

***Култаева А.К.***
*Ош технологиялык университети, Ош ш, Кыргызстан.*

*Бул макалада аймактын туристтик-рекреациялык потенциалы жөнүндө түшүнүктор жана аныктамалар берилген.*

*В статье дается информация и определения о туристическо-рекреационном потенциале региона.*

*This article provides information and definitions of tourist and recreational potential of the region.*

Туризм чарба тармагы катары ресурстук багытка ээ жана анын өсүп-өнүгүүсү үчүн туристтик ресурстардын саны, курамы жана сапаты чечүүчү ролду ойнойт.

Бул жалпысынан аймактын туристтик дарамети (потенциалы) деп түшүндүрсө болот. Ал эми А.Г.Низамиев ага төмөидөгүдөй аиыктама берет “туристтик ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн табигый, тарыхый-мадаиий жаиа социалдык-экоиомикалык өбөлгөлөрдүн жыйыидысы” [1].

Экиичи бир аиыктама боюнча, аймактын рекреациялык иш-аракеттерди уюштурууга жаратылыштык, тарыхый-маданий жана социалдык-экономикалык өбөлгөсү бар бардык ресурстар анын рекреациялык кубаттуулугун түзөт [2].

Кубаттуулук деген сөздү орустун “потенциал” деген термининен сөзмө-сөз которуп, өзүнчө бир түшүнүк жаратууга аракет кылып жатабыз. Ал эми “потенциал” деген сөз орустун деле төл сөзү эмес, ал латын тилинен алынган potentia – “күч”, же болбосо кандайдыр бир маселеии чечүүдөгү каражат, мүмкүнчүлүк, запас деген түшүнүктөрдү берет. Акыркы мезгилдерде бул термин туристтик адабияттардын иопулярдуу да, атайын да формаларында өтө көп кездешет. Мисалы, “ландшафттын рекреациялык потенциалы”, “туристтик потенциал”, “жаратылыштык потенциал” ж.б. Бирок, бул терминдин коикреттүү мазмунун ачып көрсөтүү бир кыйла кыйынчылыктарды жаратат. Себеби, “потенциал” деген сөз туризмге гана тиешелүү эмес, бул жалпы колдоиуудагы сөз болуп саналат да, колдонуу маанисине карай өзгөрө берет.

Ландшафттарды коргоо түшүндүрмө сөздүгүндө “ландшафттын рекреациялык потенциалы – бул физикалык жана пспхнкалык факторлордуи айкалышуусунун негизиide адамдын пшмердүүлүк жөндөмдүүлүгүн калыбына келтпрнп жана адамдын органпзмнне оң таасир эткен бардык жаратылыштык жана маданий шарттардын жыйындысын айтабыз” деген аныктаманы жолуктурууга болот [3]. Ал эми бүгүнкү күндө социалдык-экономикалык жана геоэкологиялык системалардын кубаттуулугу жөнүндө айтылганда, калктын пайдалуу иш-аракеттерине керектелүүчү ресурс (аймактык, жаратылыштык, эмгек жана адамдын антропогендик иш-аракеттеринин ресурстары) катары элестетилет [4].

Бирок, дагы бир баса белгилей кетүүчү нерсе “потенциал” термини “ресурс” деген терминге мааниси боюнча канчалык жакын болсо да, экөөнүн ортосунда көңүл бураарлык айырмачылыктар бар. Айтсак, “потенциал” “ресурстан” айырмасы жеке түрдө айтылганы менен ал көптүк түрдөгү маанинн – мүнөздөмөлөрдүн, предметтерднн жана көрүиүштөрдүн чогуидусун түшүндүрөт. Ал эми рекреациялык потенциалдын ресурстан айырмасы – потенциал коюлган, чечилүүгө аныкталган конкреттүү маселе менен таамай байланышкан, ресурстун мааниси деле ушуга жакыныраак болгону менен ойду толук чагылдыра албай калышы мүмкүн.

Аймактын рекреациялык-ресурстук потенциалы – жергиликтүү жана сырттан келген калктын эс алуусун, ден соолугун калыбына келтнрүү максатында уюштурулган ар түрдүү рекреациялык иш-аракеттерди камсыз кылуу үчүн жаратылыштык, тарыхый-маданий жана социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрү бар аймактарды айтабыз [5].

Туризм чөйрөсүндө аймактын потенциалын карап отуруи, төмөндөгү иерархиялык деңгээлдерди бөлүп көрсөтүүгө болот: жаратылыш-ресурстук потенциал, рекреациялык потенциал, маданий потенциал, туристтик тармактын өзүнчө бир ишканасынын потенциалы, ири шаардын потенциалы ж.б. Мына ушуидай жыйынтыктарга таянып, “туристтик иотенциалды” туризмдин илимий терминологиясынын негизине киргизсе болот. Бир гана аны кайсыл маселеии чечүүдө колдонула тургандыгын белгилеген конкреттүү мазмуну менен толукташ керек. Потенциалды колдонуу чөйрөсүн так атоо (туристтик-рекреациялык потенциал) жана анын обьектисин көрсөтүү максатка ылайык.

Туристтик-рекреациялык потенциалдын компоненттеринин аймактык айкалышуусу ар түрдүү деңгээлдеги туристтик-рекреациялык системанын адистешүүсүиө таасирин тийгизет жана ал өз учурунда туризм жана эс алуунун кайсыл түрүн өнүктүрүүнү шарттайт. Туристтик-рекреациялык потенциалдын компоненттерин аймактагы туристтик-рекреациялык иш-аракеттеринин кайсыл түрүн өздөштүрүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгү бар экендигине карай бааланат. Туристтердин талабына жана туризмдин жаңы түрүн өнүктүрүү шартына жараша туристтик система аймактын өзүндө болгон өндүрүштүк факторлорун (эмгек ресурстары, финансы ж.б.) колдонуп, кубаттуулугун андан ары да күчөтүүгө умтулат (мисалы, жаңы турфирмаларды ачуу, түрдүү мейманкаларды куруу ж.б.).

Ушул абалды эске алуу менен аймактын туристтик-рекреациялык потенциалын туристтик иш-аракеттерде

пайдаланылган жана пайдалануунун негизинде пайда болгон, бири-бири менен тыгыз байланышкан, бири-бирине таасир этүүчү ар кандай потенциалдардын жыйындысы катары кароого болот.

Демек, *туристтик-рекреациялык потенциал (дарамет)* деп – туризм индустриясынын уламдан-улам өзгөрүп туруучу туристтик суроо-талабын канааттандыруу үчүн колдонулуучу туристтик аймактын жаратылыштык, жаратылыш-антропогендик жана антропогендик ресурстарынын жыйындысын айтабыз.

Рекреациялык потенциал деп туристтердин жан-дүйнөсүн канааттандыра алуучу жана физикалык күчүн калыбына келтирүүчү мүмкүнчүлүгү бар, аймактагы белгилүү бир уникалдуу обьектилердин (жаратылыштык, маданий, социалдык-маданий) болуусуи айтса болот. Бул рекреациялык иш-аракеттер үчүн жагымдуу шарт түзгөн ар түрдүү жаратылыштык жана антропогендик факторлордун айкалышуусу – рекреациялык ресурс деп эсептелсе, ал эми рекреациялык ресурс рекреациялык потенциалдын түзүмдүк бөлүгүиүн иегизи деп айтууга болот.

И.В.Зорин жана В.А.Квартальнов (2002) рекреациялык ресурстарды туристтик ресурстардын бир бөлүгү катары карашат. Алар материалдык мүмкүнчүлүктүн чегинде жана технологиялардын жардамы менен белгиленген бир убакыт ичинде аныкталуу адамдардын тобунун эс алуусун жана ден соолугун калыбына келтирүүсүн уюштурууга колдонула турган, рекреациялык иш-аракеттер үчүн керектөөчүлүк баалуулугу жана комфорттук касиеттери бар жаратылыштык жана антропогендик геосистемалар, табылгалар, жаратылыштын көрүнүштөрү болушу мүмкүн [6].

Орус окумуштуулары Н.С.Мнроненко жана И.Т.Твердохлебовдун (1981) бүгүнкү күнгө класспкалык болуп калган аныктамасы төмөндөгүдөй: “рекреациялык иш-аракеттердии ар түрдүү формасын уюштуруу үчүн колдонулган, уникалдуулук, тарыхый жана көркөмдүүлүк баалуулугу, оригиналдуулук, эстетикалык, дарылык ж.б. касиеттери бар географиялык чөйрөнүн компоненттери жана антропогендик обьектилер рекреациялык ресурс деп аталат” [7].

Туристтик-рекреациялык потенциалдын негизги мазмунун жаратылыш рекреациялык ресурстар түзөт. Алар рекреациялык иш-аракеттерди уюштуруу үчүн мааниси бар дарылык, уникалдуулук, оригиналдуулук, эстетикалык ж.б. көптөгөн касиеттерге ээ жаратылыш компоненттери болуп эсептелет.

Жаратылыштык-рекреациялык ресурстарга геологиялык түзүлүштөр, рельеф, климат, жер астындагы жана үстүндөгү суулар, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү сыяктуу жаратылыш компоненттери кирет. Ал эми бальнеологиялык ресурстар калктын дарылануусун жана эс алуусун камсыз кылат.

Рекреациялык ресурстар бир катар өзгөчөлүктөргө жана касиеттерге ээ: биринчиден, рекреациялык талаптардын өсүүсүнө жана технпкалык-экономпкалык, социалдык мүмкүнчүлүктөргө жараша алар бара-бара *тарыхый мааниге ээ* боло алат. Мисалы, убакыттын өтүшү менен өндүрүш өнөр жайлары, эски техникалар жана жабдуулар рекреациялык ресурска айланат; ал эми, экинчиден, аябагандай чоң аянттарды ээлешкендиктен, эс алуу, социалдык-экономикалык көрүнүш катары аянтка болгон талабы азыр эле токой жана айыл чарбасы керектеткен аянттарга барабар болууда.

Туристтик-рекреациялык потенциалдын дагы бир мааиилүү түзүүчүсү болуп туристтик ресурстар эсептелет. Бул адамдардын талаптарын канааттандыра турган, туризм процессинде пайда болуучу туристтик кызыкчылыктардын обьектилери болуп эсептелет.

Туристтик ресурстардын саны эсепсиз боло бербейт, ал эми сапаты да дифференциалдуу, экономикалык жыргалчылык катары андан ары өсүп өнүгүүсүиө бир кыйла финансылык чыгымды талап кылат. Туристтик ресурстар элдик байлык болуп саналат да туристтик продуктуну өндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүү менен таанып-бнлүүчүлүк, спорттук, туристтик, ден соолукту чыңдоо максатында колдонулат. Шарттуу түрдө аларды эки топко бөлүүгө болот: 1) жаратылыштык (жаратылыштык-рекреациялык) жана 2) рекреациялык-таанып-билүүчүлүк.

“Рекреациялык” жана “туристтик ресурстар” түшүнүгү дээрлик бири-бирине дал келет, бирок биринчиси жалпыраак түшүнүк да, экинчиси ага салыштырмалуу бир тараптуу ойду түшүндүрөт.

Бул макалада “туристтик-рекреациялык ресурс” деген термин жаратылыштык-рекреациялык жана тарыхый-маданий рекреациялык ресурстарды ичине камтыган, жалпылоочу түшүнүк катары колдонулган.

Ресурстук түзүм аймактын рекреациялык жаратылышты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктай алат. Социалдык чөйрөнүн багытынын максаты боюнча рекреациялык иш-аракеттин эки аспектисин бөлүп көрсөтүүгө болот: активдүү-ден соолукту чыңдоочу жана маданий-таанып-билүүчүлүк.

Рекреациялык иш-аракеттердин активдүү ден соолукту чыңдоочу аспектиси төмөндөгүдөй түрлөрдү камтыйт: акварекреация, санатордук-курорттук рекреация, туризм, кемпинг рекреациясы жана сыйынуу. Акварекреация суудa активдүү эс алууну түшүндүрөт – сууда сүзүү (чөмүлүү), суу лыжасын, парустук жана моторлуу кайыктарды тебүү, балык уулоо ж.б.у.с. Санатордук-курорттук рекреация гидроминералдык жана ландшафттык-климаттык ресурстарды колдонуу чегинде ден соолукту чыңдоону көздөйт. Ал эми туристтик рекреация багыттык максатына жараша атайын уюштурулган, же болбосо, уюштурулбаган формасында деле спорттук-туристтик, экологиялык экспедициялар түрүндө өтүшү мүмкүн.

Рекреациялык иш-аракеттердин маданий-таанып-билүүчүлүк формасы аймактын атактуу, кызыктыраарлык кооз жерлерине, жаратылыш, тарыхый жана маданий эстеликтерге, массалык көңүл ачуу жайларына саякат жасоо жана зыяраттын ар кандай түрлөрүн камтыйт.

Демек, рекреациялык ресурс деп адамдын эмоционалдык, физикалык жана жан дүйнөсүн байытуучу жаңы күчтөрдү жаратууга өбөлгө болгон табигый ландшафттык жана тарыхый-маданий элементтерди айтабыз. Рекреациялык потенциал табигый, ландшафттык жана тарыхый-маданий элемент катары аныкталып, бул учурда түздөн-түз колдонулбаса да, адамдын эмоционалдык, физикалык жана жан дүйнөсүн жаңы күчтөргө байытуу процессине тартылышы мүмкүн. Рекреациялык потенциалды колдонуу мүмкүнчүлүгүн, тартуу шарттарын жана сапаттык мүнөздөрүн бири-бирине салыштыруу аймактын рекреациялык потенциалын баалоого, рекреациянын чарбалык айланууга тартылуу шарттарын прогноздоого, рекреациялык иш-аракетти экономикалык обьект катары эле эмес, социалдык-экономикалык обьект катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Низамиев А.Г. «Жашыл» туризм сөздүгү. Ош, 2013. -с.31.
2. Николаенко Д.В. Рекреационная география. - М.: Владос, 2001.- с. 42
3. Охрана ландшафтов: толковый словарь. Под ред. В.С.Преображенского. -М., 1982. -с.164
4. Боголюбов В.С. Факторы и условия устойчивого развития системы туризма: региональный аспект. М.: Инфо-да, 2005. -с.81
5. Туризм, гостеприимство, сервис: словарь-справочник. Под ред. Л.П. Воронковой. -М.: Аспект Пресс, 2002 -с.216
6. Зорин И.В. Энциклопедия туризма: справочник.-М.: Финансы и статистика, 2001.- с.212-213
7. Мироненко, Н.С. Рекреационная география. -М.: МГУ, 1981 .- с.208